**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЧЕТ ТИЛДЕРИ ЖАНА КОМПЬЮТЕРДИК СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛОО КОЛЛЕДЖИ**

**БЕКИТЕМИН**
Директор_________Б.М.Осмонова
«__4__»_____10________2025 ж.

# Академиялык этиканын принциптери, жүрүм-турум маданияты, коопсуздук жана дресс-коду жөнүндө усулдук сунуштама

**Колледждин Педагогикалык Кеңешинде**

**каралып, жактырылды**
**Протокол №2________**
**«_4_» ___10_____ 2025-ж.**

**Нарын- 2025**

Бул усулдук сунуштама колледжде билим берүү процессинин катышуучулары үчүн академиялык этиканын негизги принциптерин, жүрүм-турум маданиятын, студенттердин коопсуздугун камсыз кылуу талаптарын жана дресс-код эрежелерин аныктайт.

**1. Академиялык этиканын принциптери**

Академиялык этика — билим берүү чөйрөсүндөгү чынчылдыкка, адилеттүүлүккө жана өз ара сый-урматка негизделген жүрүм-турум нормалары. Ар бир студент жана кызматкер төмөнкү принциптерди сактоого милдеттүү:

- **Чынчылдык** – билим алууда жана илимий иштерде чындыкка умтулуу, алдамчылык, плагиат жана жасалмалоодон баш тартуу.
- **Сый-урмат** – инсандык кадыр-баркты, укуктарды, окутуучулардын жана студенттердин пикирлерин урматтоо.
- **Жоопкерчилик** – өз иш-аракеттери, окуудагы жетишкендиктери жана милдеттеринин аткарылышы үчүн жоопкерчилик алуу.
- **Калыстык** – билимди жана жетишкендиктерди баалоодо объективдүүлүктү сактоо, бардык студенттер үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу.
- **Кызматташуу жана ишеним** – өз ара колдоого жана коллегиялуулукка негизделген ачык, адептүү жана ишенимдүү чөйрөнү өнүктүрүү.
- **Ички эрежелерди сактоо** – колледждин уставын, ички тартип эрежелерин, этика кодексин жана мыйзамдык ченемдерди так аткаруу.

**2. Жүрүм-турум маданияты**

Колледждин ар бир мүчөсү коомдук жана билим берүү чөйрөсүндө төмөнкү жүрүм-турум нормаларын сактоого тийиш:

- Сылык жана маданияттуу сүйлөө, этикетти сактоо;
- Сабактарга жана иш-чараларга убагында катышуу;
- Башкалардын укугун бузбоо жана окуу процессине тоскоол болбоо;
- Колледждин имаратын жана жабдууларын этият колдонуу;
- Өзүнүн жүрүм-туруму менен колледждин аброюн сактоо.

**3. Студенттик коопсуздуктун принциптери**

Студенттин коопсуздугу сапаттуу билим берүү процессинин негизги шарты болуп саналат жана төмөнкү тармактарды камтыйт:

- **Физикалык коопсуздук** – аудиторияда жана кампуста жүрүм-турум эрежелерин сактоо, жабдууларды туура колдонуу, кырсыктардын алдын алуу.
- **Психологиялык коопсуздук** – дискриминациядан, кордоодон жана басынтуудан эркин чөйрө түзүү, ар бир адамдын сый мамилеге болгон укугун камсыз кылуу.
- **Маалымат коопсуздугу** – жеке жана купуя маалыматтарды коргоо.
- **Коммуникативдик коопсуздук** – урматтоого жана конструктивдүү көйгөйлөрдү чечүүгө негизделген диалог түзүү.

**4. Этика, маданият жана коопсуздуктун байланышы**

- **Академиялык этика** – дени сак академиялык маданияттын негизин түзөт.
- **Маданият** – студенттер профессионал катары өнүгүп кете турган коопсуз жана колдоочу чөйрөнү камсыз кылат.

- **Этикалык стандарттарды жана коопсуздук эрежелерин сактоо** – чыр-чатактарды алдын алат, инсандар аралык мамилелерди жакшыртат жана позитивдүү окуу чөйрөсүн калыптандырат.

**5. Дресс-код эрежелери**

Дресс-код – бул бизнес кийимге жана жалпы сырткы көрүнүшкө карата талаптардын системасы. Колледж мамлекеттик билим берүү мекемеси катары студенттерден жана кызматкерлерден жогорку маданий деңгээлди, иштиктүү этикетти жана кесипкөйлүктү күтөт.

- Колледждин кийими – **бизнес күнүмдүк кийим**.
- Кийим **– классикалык, ыңгайлуу жана ылайыктуу** болушу керек.
- Чач таза жана тыкан болушу зарыл.
- Бети ачык болушу керек, чач кылдаттык менен артка чогултулушу сунушталат.
- Макияж – күндүзгү кийимге ылайыктуу, маникюр – кылдат жана тарбиялуу болушу керек.

**Тыкан сырткы көрүнүш** жана иштиктүү дресс-код кесипкөй өз ара аракеттенүүгө түрткү берет, студенттердин бири-бирин урматтоосуна, позитивдүү иш этикасын жана канааттандырарлык окуу процессин камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле колледждин жогорку маданияттын, ак ниеттүүлүктүн жана кесипкөйлүктүн институту катары аброюн көтөрөт.

**5. Дресс-код эрежелери**

Дресс-код – бул бизнес кийимге жана жалпы сырткы көрүнүшкө карата талаптардын системасы. Колледж мамлекеттик билим берүү мекемеси катары студенттерден жана кызматкерлерден жогорку маданий деңгээлди, иштиктүү этикетти жана кесипкөйлүктү күтөт.

- Колледждин кийими – **бизнес күнүмдүк кийим**.
- Кийим – **классикалык, ыңгайлуу жана ылайыктуу** болушу керек.
- Чач таза жана тыкан болушу зарыл.
- Бети ачык болушу керек, чач кылдаттык менен артка чогултулушу сунушталат.
- Макияж – күндүзгү кийимге ылайыктуу, маникюр – кылдат жана тарбиялуу болушу керек.

**Тыкан сырткы көрүнүш** жана иштиктүү дресс-код кесипкөй өз ара аракеттенүүгө түрткү берет, студенттердин бири-бирин урматтоосуна, позитивдүү иш этикасын жана канааттандырарлык окуу процессин камсыз кылууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле колледждин жогорку маданияттын, ак ниеттүүлүктүн жана кесипкөйлүктүн институту катары аброюн көтөрөт.

**6. Тыюу салынган нерселер**

Колледжде төмөнкү кийимдер жана көрүнүш элементтери **тыюу салынат**:

- Ар кандай түрдөгү жамаачы же чаптамалар, ошондой эле улуттар аралык кастыкты козутуучу ураандар жазылган кийимдер;
- Адепсиз сөздөр камтылган кийимдер (кайсы тилде жазылганына карабастан);
- Белге жетпеген, ортосун ачып турган же тунук блузкалар;

- Бели төмөн шым;
- Өтө кыска юбка (узундугу тизеден 10 смден ашпоого тийиш);
- Юбкасыз леггинс кийүү;
- Аркасы же ылдый жагы жабылбаган леггинстер;
- Шорта жана капри шым;
- Спорттук костюмдар;
- Сланцы;
- Майка же топтор;
- Торчо же жылтырагы бар колготки;
- Иштиктүү кийим стандарттарына жооп бербеген дененин ачык жерлериндеги пирсинг жана татуировкалар;
- Күз жана кыш мезгилинде колледждин фойесинде, коридорлорунда жана аудиторияларында сырт кийим жана баш кийим менен жүрүү;
- Жылтыраган, көздүн жоосун алган макияж же ашыкча зер буюмдар;
- Ич кийим кийимдин сыртынан көрүнүп калуусу.

Студенттердин дресс-кодунун сакталышын кураторлор, окутуучулар жана колледждин администрациясы көзөмөлдөйт.

Дресс-кодду бузган студенттерге окутуучу тарабынан оозеки сөгүш жарыяланышы мүмкүн. Дайыма эрежелерди бузуулар болгон учурда алардын ата-энелери чакырылып, дисциплинардык жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

Бул жобо колледждин профессордук-окутуучулук кеңешинин 2025-жылдын «_____» _________ токтому менен бекитилген. Протокол № ________

Түзгөн: А.К. Эшенкулова